**№ 31 Ынтымак жалпы орто билим берүү мектебинин ата-энелер чогулушунун протоколу**

__01__ сентябрь 2022-жыл Ынтымак айылы

Мектеп жамааты – 18
Катышкандар-33

**Кун тартиби каралуучу маселелер:**

1. Мектеп командасынын мүчөлөрүн шайлоо.
2. Баланын терс жүрүм – туруму кандайча ондосо болот?

Угулду:

Мектеп директору А.Кангелдиев

-Саламатсынарбы кымбаттуу ата-энелер бүгүнкү чогулуштун максаты МӨ жөнүндө. МӨ деген мектептин өнүгүүсүн пландоо. Бул үчүн мектеп командасын түзүш керек. Команда МӨПтүн жобосуна ылайык иш алып барышат. МӨПтүн жылдык,айлык, кварталдык –пландары түзүлүп ошол боюнча иш жүргүзүлөт. Мектептин өнүгүшү үчүн, так жана бирдиктүү иш аракеттерди алып баруу керек.

Профсоюз уюмунун төрагасы Т.Турсуналиев:

-Ооба, мектептин ички тышкы иштерин жакшыртуу маселеси өтө орчунд Чечилбей жаткан маселелер өтө көп. Ушундай маселелерди чечүү үчүн сөз түрдө мүчөлөрдү шайлап беришибиз керек. Алар көптөгөн иштерди чечип берет деген ойдобуз. Ата-энелер ушул чогулушта колдоп берсенер.

Чогулуштун катышуучулары:

1. Чаначев Алмаз
2. Кыркымбаева Жазгүлү
3. Асанбекова Гульмира
4. Намазбеков Жамгырчы
5. Казекова Атыркүль

Кандидатураларын колдоп бериштти.

Мектептин тарбия иштери боюнча завучу А.Дюшембиева сүйлөдү:

Кымбаттуу ата-энелер кийинки кездерде балдардын жүрүм –туруму начарла кетип бара жатканына өзүңүздөр деле күбө болуп жатасыздар. Анткени, азыркы балдар негизинен телефоны тынымсыз колдонуунун негизинде

терс таасир ѳерүүчү маалыматтарды көрүп психологиялык аң –сезиминин тескери жака өзгөрүүсүнө алып келеип жатат. Өшондуктан, ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышта болуп балдардын жүрүм- туруму менен тыгыз байланышта болуп, кружокторго кошумча сабактарга тартууга түртк берсеңиздер. Үйдөн кечкисин эшикке чыгарбай, көзөмөлдөп сабагына көңү бурсаңсыздар көп нерседен алагды кылган болот элеңер.

Чынында окуучулар мектепте 6 гана саат болот. Калган убакта жалаң сизде менен бирге болушат. Тарбия – башаты үйдөн башталат. Балдарды үйдөн көзөмөлдөп тарбияны туура берсеңер гана жүрүм туруму оңолот.

Чечим:

1.МӨПтүн командасына мүчө болуп төмөнкү ата-энелер бекитилсин.

2. Ата-энелер тарабынан балдарын жакшы жүрүм-турумга тарбиялоого, мектептен тышкары убакта көзөмөлдөө жүргүзүлсүн.

3. Тартиби начар балдардын маселесин ата-энеси менен кошо , мектептин алдын алуу кеңешине өткөрүлүп берилсин.

**Чогулуштун төрагасы** **А.Кангелдиев**

**Катчы** **А.Имангазиева**